**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 192 «Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Тартыштык шарттарында электр энергиясын керектөөчүлөрдү ишенимдүү жана үзгүлтүксүз электр менен жабдуу, ошондой эле электр менен жабдуучу уюмдардын чыгымдарынын ордун толтурууну камсыз кылуу максатында, «Энергетика жөнүндө»Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайыкКыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин
2021-жылдын 30-сентябрындагы № 192 «Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатында:

– 3-главада:

он сегизинчи абзацта «жана башка тиричиликтик эмес» деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы он тогузунчу абзац менен толукталсын:

«Башка тиричиликтик эмес керектөөчүлөр үчүн керектелген электр энергиясына төлөм 1 кВт.с үчүн 376,7 тыйын өлчөмүндөгү тариф боюнча (салыктарды эсепке албастан)жүргүзүлөт.»;

– жогоруда көрсөтүлгөн Орто мөөнөттүү тарифтик саясатына
1-тиркемеде:

9-пункттун «2024-ж.01.05.» графасында«тариф + инфляция», «инфляциянын деңгээлине» деген сөздөр тиешелүү түрдө«376,7», «18,5» деген сөздөргөалмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**

**Министрлер Кабинетинин**

**Төрагасы А.У. Жапаров**